# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2025-жылдын 25-декабры Бишкек шаары

№35

**1995-жылдын 28-апрелиндеги №1-01 “Балдарды тарбиялоого байланышкан иштер боюнча соттук практика жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 1995-жылдын 28-апрелиндеги №1-01 “Балдарды тарбиялоого байланышкан иштер боюнча соттук практика жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтомун колдонууда мыйзамдарга ылайык келтирүү максатында, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесинин 3-бөлүгүнө, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 18-беренесине таянып,

**т о к т о м к ы л а т**:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 1995-жылдын 28-апрелиндеги №1-01 “Балдарды тарбиялоого байланышкан иштер боюнча соттук практика жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) токтомдун Преамбуласы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесине ылайык, үй-бүлө, коом, энелик жана балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турат. Балдар - Кыргыз Республикасынын эң маанилүү баалуулугу. Мамлекет балдардын ар тараптуу руханий, адеп-ахлактык, интеллектуалдык жана дене тарбиялык өнүгүшүнө, алардын жарандык-патриоттук тарбияланышына өбөлгө түзгөн шарттарды түзөт.

Ушуга байланыштуу, соттордун ишмердүүлүгүндө балдарды тарбиялоого байланышкан сот иштерин, ата-энелик укуктардан ажыратуу жана ата-энелик укуктардан ажыратпастан балдарды алып коюу боюнча иштерди туура жана ыкчам чечүү маанилүү орунду ээлейт.

Балдарды тарбиялоого байланышкан иштер боюнча мыйзам нормаларын колдонууга байланышкан айрым маселелерди чечүүдө бирдиктүү соттук практика жок болгондуктан, алар боюнча тиешелүү түшүндүрмөлөрдү берүү зарыл.”;

2) токтомдун 2-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

Соттор төмөнкүлөрдү эске алышы керек. Республиканын мыйзамдарына ылайык сот тарабынан кароого тийиш болгон талаштарга төмөнкүлөр кирет: ата-энелер өз-өзүнчө жашаган учурда баланын жашаган жерин аныктоо жөнүндө; баладан өзүнчө жашаган ата-

эненин ата-энелик укуктарын жүзөгө ашыруусу жөнүндө; баланын жакын тууганлары менен баарлашуусуна тоскоолдуктарды жоюу жөнүндө; мыйзамга же соттун чечимине негизделбестен кармалып турган баланы ата-энесине кайтарып берүү жөнүндө; мыйзамдуу негизсиз баланы өзүндө кармап турган ар кандай адамдардан камкорчуларга (көзөмөлчүлөргө) караштуу баланы кайтарып берүү жөнүндө; мыйзамга негизделбестен башка адамдар тарабынан кармалып турган баланы асырап алган ата-энеге кайтарып берүү жөнүндө; ата-энелик укуктардан ажыратуу жөнүндө; ата-энелик укуктарды калыбына келтирүү жөнүндө; ата-энелик укуктарды чектөө жөнүндө; ата-энелик укуктарды чектөөнү жокко чыгаруу жөнүндө; баланын өмүрүнө же саламаттыгына коркунуч жаралган учурда баланы үй-бүлөдөн тышкары жайгаштыруу жөнүндө; асырап алуу же асырап алууну жокко чыгаруу жөнүндө жана башка иштер;

3) токтомдун 3-пунктундагы "республиканын Нике жана үй-бүлө кодексинин 74-беренеси" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 70-беренеси" деген сөздөр менен алмаштырылсын жана мындан ары текст боюнча;

4) токтомдун 5-пункту боюнча:

- биринчи абзацтагы "республиканын Нике жана үй-бүлө кодексинин 76-беренеси" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 73-беренеси" деген сөздөр менен алмаштырылсын жана мындан ары текст боюнча;

- төртүнчү абзацтагы "камкордук жана көзөмөл органдарынын же прокурордун доосу боюнча баланы камкордук жана көзөмөл органдарынын кароосуна өткөрүп берет" деген сөздөр "балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын же прокурордун доосу боюнча баланы балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнүн кароосуна өткөрүп берет" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

5) токтомдун 7-пункту боюнча:

- биринчи абзацтагы "КоБСтин 76-беренеси" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 71-беренеси" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- токтомдун пунктунун бүтүндөй тексти боюнча "камкордук жана көзөмөл органдары" деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдө "балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмчөсү" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

6) токтомдун 8-пунктундагы "КоБСтин 83-беренеси" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 76-беренеси, 92-беренеси" деген сөздөр менен алмаштырылсын жана мындан ары текст боюнча;

7) токтомдун 9-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

- "Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 75-беренесине ылайык ата-энелик укуктардан ажыратуу сот тартибинде жүргүзүлөт. Ата-энелик укуктардан ажыратуу жөнүндө иштер ата-энелердин биринин (аларды алмаштырган адамдардын), прокурордун, ошондой эле жашы жете элек балдардын укуктарын коргоо милдети жүктөлгөн органдардын же мекемелердин (ата-энелик камкордугусуз калган балдарды

коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрүнүн жана башка) арызы боюнча каралат".

8) токтомдун 10-пунктунун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

- "Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 74-беренесинде каралган учурларда камкорчуларды жана көзөмөлчүлөрдү өздөрүнө жүктөлгөн милдеттерди аткаруудан бошотуу жана/же четтетүү маселеси сот тартибинде чечилет";

9) токтомдун 12-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

- "Иштин жагдайларын жана ата-энелердин балдарга карата болгон мамилесинин мүнөзүн ар тараптуу тактоо максатында ата-энелик укуктардан ажыратуу жөнүндө доолор жоопкерлердин катышуусу менен, ошондой эле прокурордун жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрүнүн милдеттүү катышуусу менен каралат";

10) токтомдун 14-пунктунун экинчи абзацындагы "КоБСтин 81-беренеси" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 74-беренеси" деген сөздөр менен алмаштырылсын жана мындан ары текст боюнча;

11) токтомдун 15-пункту боюнча:

- пункттун бүтүндөй текстинде "камкордук жана көзөмөл органы" деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдө "балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмү" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- алтынчы абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Сот ата-энелик укуктардан ажыратуу жөнүндө соттун чечими күчүнө кирген күндөн тартып үч күндүн ичинде соттун бул чечиминин көчүрмөсүн баланын туулгандыгы боюнча мамлекеттик каттоо жүргүзүлгөн жарандык абалдын жазуу органына жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнө жөнөтүүгө милдеттүү";

12) токтомдун 16-пункту боюнча:

- биринчи абзацтагы "КоБСтин 83-беренесинин 2-бөлүгү" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 75-беренесинин 3-пункту" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- үчүнчү абзацтагы экинчи сүйлөм алып салынсын;

13) токтомдун 19-пунктунун бүтүндөй текстинде "камкордук жана көзөмөл органы" деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдө "балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмү" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

14) токтомдун 20-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

- "Сот, эгерде баланы ата-эненин (алардын биринин) колунда калтыруу шарттарга жараша бала үчүн кооптуу деп таанылса, ата-энелерден (алардын биринен) көз карандысыз жагдайлардан (психикалык оору же башка курч оору, оор кырдаалдын топтолушу) улам, ата-энелик укуктарды чектөө жөнүндө чечим чыгара алат.

Эгерде ата-энелердин (алардын биринин) жүрүм-туруму бала үчүн коркунучтуу болсо, бирок ата-энелердин (алардын биринин) ата-энелик укуктарынан ажыратуу үчүн жетиштүү негиздер аныкталбаган учурларда дагы, ата-энелик укуктарды чектөө мүмкүн.

Эгерде мыйзам менен белгиленген асырап алууну жокко чыгаруу негиздери жок болсо, ата-энелик укуктарды чектөө боюнча маселе асырап алуучуларга да, ушундай эле чечим чыгарылышы мүмкүн.

Ата-энелик укуктарды чектөө жөнүндө иштер прокурордун жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнүн катышуусу менен каралат".

15) токтомдун 24-пункту боюнча:

- биринчи абзацтагы "КоБСтин 91- жана 151-беренелери боюнча ишке камкордук жана көзөмөл органы тартылышы керек" жана "мамлекеттик башкаруу органы" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 75- жана 78-беренелери боюнча ишке балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмү тартылышы керек" жана "балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган" деген сөздөр менен тиешелүүлүгүнө жараша алмаштырылсын;

- экинчи абзацтагы "камкордук жана көзөмөл органы" деген сөздөр "балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмү" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

16) токтомдун 25-пунктунун биринчи абзацында "камкордук жана көзөмөл органы" деген сөздөр "балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмү" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

17) токтомдун 26-пунктунда "камкордук жана көзөмөл органы" жана "баланы сурап алуу" деген сөздөр тиешелүүлүгүнө жараша "балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмү" жана "баланы анын пикирин аныктоо үчүн сурап алуу" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

18) токтомдун 28-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кыргыз Республикасынын Салык эмес кирешелер боюнча кодексинин 141-беренесинин 16- жана 37-пункттарына ылайык, балдарды тарбиялоого байланышкан иштер боюнча мамлекеттик алым төлөмүнөн прокурор - жеке жана юридикалык жактардын кызыкчылыктарына байланыштуу арыздары үчүн, ошондой эле балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган - өзүнүн милдеттери менен укуктарын жүзөгө ашырууга түздөн-түз тиешелүү арыздары үчүн бошотулат";

20) токтомдун 29-пункту боюнча:

- биринчи абзацтагы "ГПКнин 208-беренеси" деген сөздөр "ГПКнин 212-беренеси" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- экинчи жана үчүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Баланы алуу жана бала менен баарлашуу укугун жүзөгө ашыруу боюнча соттун чечимин мажбурлап аткаруу Кыргыз Республикасынын "Сот аткаруучуларынын абалы жана аткаруу өндүрүшү жөнүндө" Мыйзамынын 14-бөлүмүнүн нормаларына ылайык жүргүзүлөт".

21) токтомдун 30- жана 31-пункттары күчүн жоготту деп таанылсын.

2. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламенти менен белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасы** **М.А. Сатыев**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Т.Т. Чаргынова**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 1995-жылдын 28-апрели № 1-01*

## Балдарды тарбиялоого байланыштуу иштер боюнча соттук практика жөнүндө

*(КР ЖС Пленумунун 2016-жылдын 16-декабрындагы №12, 2025-жылдын 25-декабрындагы №35- токтомдорунун редакциясына ылайык)*

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесине ылайык, үй-бүлө, коом, энелик жана балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турат. Балдар - Кыргыз Республикасынын эң маанилүү баалуулугу. Мамлекет балдардын ар тараптуу руханий, адеп-ахлактык, интеллектуалдык жана дене тарбиялык өнүгүшүнө, алардын жарандык-патриоттук тарбияланышына өбөлгө түзгөн шарттарды түзөт.

Ушуга байланыштуу, соттордун ишмердүүлүгүндө балдарды тарбиялоого байланышкан сот иштерин, ата-энелик укуктардан ажыратуу жана ата-энелик укуктардан ажыратпастан балдарды алып коюу боюнча иштерди туура жана ыкчам чечүү маанилүү орунду ээлейт.

Балдарды тарбиялоого байланышкан иштер боюнча мыйзам нормаларын колдонууга байланышкан айрым маселелерди чечүүдө бирдиктүү соттук практика жок болгондуктан, алар боюнча тиешелүү түшүндүрмөлөрдү берүү зарыл.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомунун редакциясына ылайык)*

1. Балдарды тарбиялоого байланыштуу талаштарды чечүүдө аларды өз убактысында жана туура чечүү балдардын кызыкчылыгын коргоонун жана эне-аталардын адепке, коомго каршы жүрүш-туруштарынан, зыяндуу таасирлеринен сактоонун кепили экендигин эске алуу менен соттордун көңүлү мыйзамды так сактоого бурулсун.

2. Соттор төмөнкүлөрдү эске алышы керек. Республиканын мыйзамдарына ылайык сот тарабынан кароого тийиш болгон талаштарга төмөнкүлөр кирет: ата-энелер өз-өзүнчө жашаган учурда баланын жашаган жерин аныктоо жөнүндө; баладан өзүнчө жашаган ата-эненин ата-энелик укуктарын жүзөгө ашыруусу жөнүндө; баланын жакын туугандары менен баарлашуусуна тоскоолдуктарды жоюу жөнүндө; мыйзамга же соттун чечимине негизделбестен кармалып турган баланы ата-энесине кайтарып берүү жөнүндө; мыйзамдуу негизсиз баланы өзүндө кармап турган ар кандай адамдардан камкорчуларга (көзөмөлчүлөргө) караштуу баланы кайтарып берүү жөнүндө; мыйзамга негизделбестен башка адамдар тарабынан кармалып турган баланы асырап алган ата-энеге кайтарып берүү жөнүндө; ата-энелик укуктардан ажыратуу жөнүндө; ата-энелик укуктарды калыбына келтирүү жөнүндө; ата-энелик укуктарды чектөө жөнүндө; ата-энелик укуктарды чектөөнү жокко чыгаруу жөнүндө; баланын өмүрүнө же саламаттыгына коркунуч жаралган учурда баланы үй-бүлөдөн тышкары жайгаштыруу жөнүндө; асырап алуу же асырап алууну жокко чыгаруу жөнүндө жана башка иштер.

3. Бөлөк жашап жаткан эне-аталардын кайсы баласы ким менен жашай тургандыгы жөнүндөгү талашты чечүүдө сот Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 70-беренесине ылайык алардын эне-атасынын тең укуктуулугун, милдеттүүлүгүн эске алуу менен балдардын кызыкчылыгынын корголушун камсыз кыла турган чечим чыгаруусу

зарыл. Мында сот эне-атасынын кимиси балдары үчүн көбүрөөк көңүл бөлүп камкордук көрөөрүн, балдардын жашын жана эне-атасынын кимисине үйүр экендигин, эне-атасынын өздүк сапатын, балдарды тарбиялоо үчүн тийиштүү шарттарды түзүү мүмкүн-чүлүгүн эске алат. Бирок эне-атасынын бирөөсүнүн материалдык абалынын өйдөлүгү балдарды ага берүүнүн чечүүчү шарты болуп эсептелбейт. Сот 10 жашка толгон баланын эне-атасынын кимиси менен жашай тургандыгы жөнүндөгү каалоосун эске алышы мүмкүн.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомунун редакциясына ылайык)*

4. Никени бузуу жөнүндөгү доо менен бирге жашы жетпеген балдарды кимдин тарбиясында калтыруу жөнүндөгү ишти кароо учурунда балдар башка адамдардын колдорунда болсо, алар балдарды эне-атасына берүүгө тоскоолдук кылышса, сот ал талашты өзүнчө өндүрүшкө бөлүү маселесин талкуулайт.

5. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 73-беренесине ылайык эне-аталар башка адамдарга караганда балдарын өздөрү багуу үчүн артыкчылык укуктан пайдаланышат жана балдарын мыйзамсыз же соттун чечимисиз кармап турган адамдан кайтарып берүүнү талап кылууга акылуу.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомунун редакциясына ылайык)*

Ошону менен бирге эгерде баланы эне-атасына кайтарып берүү анын кызыкчылыгына карама-каршы келсе, сот баланы эне-атасына алып бербөөсү мүмкүн.

Мындай талаштарды кароодо сот эне-атасынын балага керектүү тарбия берүүнү камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүн, эне-атасы менен баланын мамилелеринин мүнөзүн, баланын баккан адамга үйүрлүгү жана башка жагдайларды эске алат.

Эгерде баланын эне-атасы же аны баккан адам ага керектүү тарбия бере албастыгы аныкталса, сот балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын же прокурордун доосу боюнча баланы балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнүн кароосуна өткөрүп берет.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомунун редакциясына ылайык)*

6. Эне-аталардын мыйзамдын же соттун чечиминин негизинде (опекундардын, попечителдердин, балдар мекемелеринин ж.б.) багуусунда болгон балдарын кайтарып берүү жөнүндөгү доолорун кароодо соттор көрсөтүлгөн адамдарга же балдар мекемелерине балдарды бергенден кийин талаш келип чыккан учурда жагдайлар өзгөргөндүгүн, балдарды эне-атасына кайтарып берүү алардын кызыкчылыктарына жооп бере тургандыгын текшерүүлөрү керек.

7. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 71-беренесине ылайык баладан бөлөк жашаган эне-атанын баланы тарбиялоо тартиби эне-атанын макулдашуусу боюнча, ал эми андай макулдашуу болбосо балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмчөсү тарабынан белгиленет.

Эгерде эне-аталар балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмчөсүнүн чечимине баш ийишпесе, талаш ошол органдын доосу боюнча соттун кароосуна берилет. Сот бөлөк жашаган эне-атанын баланы тарбиялоого катышуу тартибин белгилеп экинчи эне-атаны ага тоскоолдук кылбоого милдеттендирет.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомунун редакциясына ылайык)*

Сот мыйзамдын же соттун чечиминин негизинде башка адамдардын багуусунда болгон балдарды эне-аталык укуктан ажыратылбаган эне-аталары тарабынан тарбиялоого тоскоолдук кылбоо маселесин да ушундай тартипте чечет.

8. Ажыратылууга мүмкүн болгон эне-аталык укук деп, баланы 18 жашка жеткенге чейин тарбиялоо, анын укуктарын коргоого өкүл болуу, баланы башка адамдан алуу, аны асырап алууга макулдук берүү ж.у.с. эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 76-беренесине, 92-беренесине ылайык эне-аталык укуктан ажыратылган эне-аталар туугандык фактка негизделген өздүк жана мүлктүк укуктардан да ажырашат: жашка толгон балдарынан алимент алуу, алар өлгөн учурда пенсия менен камсыз болуу, балдарынын мүлкүн мурастоо жана башкалар.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомунун редакциясына ылайык)*

9. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 75-беренесине ылайык ата-энелик укуктардан ажыратуу сот тартибинде жүргүзүлөт. Ата-энелик укуктардан ажыратуу жөнүндө иштер ата-энелердин биринин (аларды алмаштырган адамдардын), прокурордун, ошондой эле жашы жете элек балдардын укуктарын коргоо милдети жүктөлгөн органдардын же мекемелердин (ата-энелик камкордугусуз калган балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрүнүн жана башка) арызы боюнча каралат.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомунун редакциясына ылайык)*

10. Баланы асырап алган жана аны баккан, бирок анын туулгандыгы жөнүндөгү күбөлүктө эне-атасы катары көрсөтүлбөгөн адамга эне-аталык укуктан ажыратуу жөнүндө доо коюлушу мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 74-беренесинде каралган учурларда камкорчуларды жана көзөмөлчүлөрдү өздөрүнө жүктөлгөн милдеттерди аткаруудан бошотуу жана/же четтетүү маселеси сот тартибинде чечилет.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомунун редакциясына ылайык)*

11. Эне-атанын бирөөсүнүн эне-аталык укугун ажыратуу жөнүндөгү ишти кароодо сот балдарды тарбиялоо үчүн керектүү шарттарды камсыз кылуу жана эне-аталардын укуктарын коргоо максатында ар бир учурда экинчи эне-атанын жашаган жерин аныктоого. аны ишке катыштырып, макулдугу болсо баланы анын тарбиясына берүү маселесин талкуулоого милдеттүү.

12. Иштин жагдайларын жана ата-энелердин балдарга карата болгон мамилесинин мүнөзүн ар тараптуу тактоо максатында ата-энелик укуктардан ажыратуу жөнүндө доолор жоопкерлердин катышуусу менен, ошондой эле прокурордун жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрүнүн милдеттүү катышуусу менен каралат.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомунун редакциясына ылайык)*

13. Эгерде ата энелик укуктан ажыратуу жөнүндөгү ишти кароодо ата-энелик укуктан ажыратуу жөнүндө доо коюлган адамдар өзүлөрүнүн терс жүрүш туруштары менен коомдо жашоонун эрежелерин ар дайым бузушса жана баланын алар менен бирге

жашоосу мүмкүн болбосо, соттор кызыкчылыгы бар адамдарга аларды башка турак жай бербестен үйдөн чыгаруу жөнүндө доо коюуга укуктуу экендиктерин түшүндүрүүлөрү тийиш. Мындай талап экинчи эне-ата (опекун) (попечитель), прокурор тарабынан коюлууга жана эне-аталык укуктан ажыратуу жөнүндөгү иш менен бирге каралыш мүмкүн.

14. Эне-аталар эне-аталык укуктан Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 74-беренесинин негизинде, эгерде алар балдарды тарбиялоо милдетин аткаруудан баш тартышса, же эне-аталык укуктан кыянаттык менен пайдаланып аларга кордук көрсөтүшсө, өзүлөрүнүн адепсиз, коомго каршы жүрүш-туруштары менен балдарга зыяндуу таасир көрсөтүшсө жана ошол аракеттери үчүн күнөөлүү болушса эне-аталык укуктан ажыратылышы тургандыгы сотторго түшүндүрүлсүн. Эгерде эне-аталар өнөкөт аракеч же наркоман болушса эне-аталык укуктан ажыратылышат.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомунун редакциясына ылайык)*

Эне-аталар өзүлөрүнүн милдеттерин аткаруудан баш тарткан деп, эгерде алар балдарынын адеп ахлактык жана дене тарбиясына, окуусуна, коомдук пайдалуу эмгекке даярдоого кам көрүшпөсө, эсептелет. Эне-аталык укуктан кыянаттык менен пайдалануу деп, ал укуктарды балдардын кызыкчылыгына каршы пайдалануу, мисалы, окутпоо, кайырчылыкка, масчылыкка үйрөтүү ж.у.с. эсептелет.

Балдарга кордук көрсөтүү деп денеге акыл-сезимге күч колдонуу, тарбиялоонун тыйылган ыкмаларын колдонуу, адамдык сапатты кемсинтүү ж.у.с. эсептелет.

Эне-аталардын өнөкөт аракечтиги жана баңгилик оорусу тийиштүү медициналык корутунду менен бекемделүүгө тийиш. Ушул негиздер боюнча эне-аталык укуктан ажыратуу жоопкердин акыл жөндөмдүүлүгү чектелгендигине карабастан жүргүзүлөт.

15. Эне-аталык укуктан ажыратуу эң акыркы чара экендиги эсте болууга тийиш. Эне-атанын күнөөсү далилденсе да өзгөчө учурларда анын тартибинин мүнөзүн, өздүгүн, башка жагдайларды эске алып сот эне-аталык укуктан ажыратпастан жоопкерге балдардын тарбиялоого мамилесин өзгөртүүнү эскертет, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнө эне-аталык укуктарын аткарууну контролдоону жүктөйт. Сот көрсөтүлгөн жагдайларда балдардын кызыкчылыгы талап кылса аларды эне-атасынан алып балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнө берүү маселесин чечүүгө укуктуу.

Эне-аталык укуктан ажыратуу жөнүндөгү соттун чечиминде бала кимге берилери: эне-ата экинчисине балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнө же опекунга (попечительге), эгерде ал мыйзамдуу түрдө дайындалса, көрсөтүлөт.

Баланы башка эне-атасына берүүгө мүмкүн болбосо же эне-атанын экөө тең эне-аталык укуктан ажыратылышса (эгерде опекун дайындала элек болсо) балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнө багууга берилет.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомунун редакциясына ылайык)*

Баланы туугандарына же башка адамдарга, эгер алар опекун же попечитель болуп дайындалышса берүүгө болот.

Баланы балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнө берүүдө соттор аларды кантип орноштуруу керек экендигин аныктоого акылары жок, себеби ал маселе ошол органдардын атайын милдетине кирет.

Сот ата-энелик укуктардан ажыратуу жөнүндө соттун чечими күчүнө кирген күндөн тартып үч күндүн ичинде соттун бул чечиминин көчүрмөсүн баланын туулгандыгы боюнча мамлекеттик каттоо жүргүзүлгөн жарандык абалдын жазуу органына жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнө жөнөтүүгө милдеттүү.

16. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 75-беренесинин 3-пунктуна ылайык эне-аталык укуктан ажыратуу эне-аталарды балдарын багуу милдетинен бошотпойт. Ушуга байланыштуу жоопкерди эне-аталык укуктан ажыратууда сот ошону менен бирге доо коюлган же коюлбагандыгына карабастан, андан алимент өндүрүү жөнүндөгү маселени чечүүгө милдеттүү.

Эне-аталык укуктан эне-атасынын бирөө ажыратылып бала экинчисинин, опекундун же попечителдин багуусуна берилсе алимент ошолордун пайдасына өндүрүлөт. Эгерде балдар эне-аталык укуктан ажыратуу маселеси чечилгенге чейин балдар мекемелерине орноштурулса алимент ошол мекемелердин пайдасына өндүрүлөт. Балдар балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмчөсүнө берилсе, алимент балдар тарбиялоого берилүүчү адамдардын же балдар мекемелеринин пайдасына өндүрүлөт.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомунун редакциясына ылайык)*

Ата-энелик укуктан ажыратылган адамдан алимент доо коюлган күндөн тартып өндүрүлөт. *(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомунун редакциясына ылайык алып салынды)*

17. Эне-аталык укуктан ажыратылган адамга балдарына дайындалган пенсия, пособие жана башка төлөөлөрдү, ошондой эле анын пайдасына өндүрүлгөн алиментти төлөө токтотулат. Ошондуктан ишти кароодо соттор ушул маселелерди текшерип чечим мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин чечимдин көчүрмөсүн ошол төлөөлөрдү жүргүзгөн органдарга же төлөөлөр жөнүндө чечим чыккан жердеги сотко өндүрүлгөн суммаларды бала багууга берилген балдар мекемелеринин же башка адамдын пайдасына которуу үчүн жиберет.

18. Ата-энелик укукту калыбына келтирүү жөнүндөгү иштерди кароодо соттор эне-аталардын турмушунун мүнөзү өзгөргөндүгүн, алардын балдарды тарбиялоого мүмкүнчүлүгү бардыгын дыкаттык менен текшерүүлөрү тийиш. Эгерде балдардын кызыкчылыгына жооп берсе, ата-энелик укукту калыбына келтирүү мүмкүн.

Мындай доолор ата-энелик укуктан ажыратылган адам жана прокурор тарабынан коюлушу мүмкүн.

Эгерде балдарды башка адамдар асырап алышса жана асырап алуу бузулбаса же жараксыз деп табылбаса ата-энелик укукту калыбына келтирүүгө мүмкүн эмес.

19. Ата-энелик укукту калыбына келтирүү жөнүндөгү доо бала кимдин карамагында болгондугуна жараша эне-атанын экинчисине же опекунга (попечительге) же балдар мекемесине коюлат. Бул иштер балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнүн өкүлдөрүнүн катышуусу менен каралат. Ата-энелик укукту калыбына келтирүү жөнүндөгү доо менен бирге баланы өзүнө кайтарып берүү

жөнүндөгү доо каралышы мүмкүн. Ата-энелик укукту калыбына келтирүү жөнүндөгү чечимдин көчүрмөсүн балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнө жана туулганды каттоочу жердеги граждандык абалды каттоо органына жиберет.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомунун редакциясына ылайык)*

20. Сот, эгерде баланы ата-эненин (алардын биринин) колунда калтыруу шарттарга жараша бала үчүн кооптуу деп таанылса, ата-энелерден (алардын биринен) көз карандысыз жагдайлардан (психикалык оору же башка курч оору, оор кырдаалдын топтолушу) улам, ата-энелик укуктарды чектөө жөнүндө чечим чыгара алат.

Эгерде ата-энелердин (алардын биринин) жүрүм-туруму бала үчүн коркунучтуу болсо, бирок ата-энелердин (алардын биринин) ата-энелик укуктарынан ажыратуу үчүн жетиштүү негиздер аныкталбаган учурларда дагы, ата-энелик укуктарды чектөө мүмкүн.

Эгерде мыйзам менен белгиленген асырап алууну жокко чыгаруу негиздери жок болсо, ата-энелик укуктарды чектөө боюнча маселе асырап алуучуларга да, ушундай эле чечим чыгарылышы мүмкүн.

Ата-энелик укуктарды чектөө жөнүндө иштер прокурордун жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнүн катышуусу менен каралат.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомунун редакциясына ылайык)*

*21. (КР ЖС Пленумунун 2016-жылдын 16-декабрындагы №12 токтомуна ылайык күчүн жоготту)*

*22. (КР ЖС Пленумунун 2016-жылдын 16-декабрындагы №12 токтомуна ылайык күчүн жоготту)*

*23. (КР ЖС Пленумунун 2016-жылдын 16-декабрындагы №12 токтомуна ылайык күчүн жоготту)*

24. Балдарды тарбиялоого байланыштуу бардык талаштарды кароодо аларды коргоо максатында доону ким койгондугуна карабастан Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 75- жана 78-беренелери боюнча ишке балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмү тартылышы керек. Эгерде ал орган иш боюнча бир тарап болуп эсептелбесе сот аны корутунду берүү үчүн балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы катары катыштырат.

Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнүн доо жөнүндөгү корутундусуна сот иштин башка материалдары менен чогуу баа берет. Ал корутунду менен макул болбогондо сот ал жөнүндө чечимде мотивдештирип көрсөтөт.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомунун редакциясына ылайык)*

25. Балдарды тарбиялоого байланыштуу иштерди өз убагында жана туура чечүүнү камсыз кылуу максатында соттор ар бир иштин өзгөчөлүгүн эске алуу менен аларды дыкаттык менен даярдоолору тийиш. Бул иштер балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнүн баланын жашоо шартын текшерүү жөнүндөгү белгиленген тартипте түзүлгөн жана бекитилген актысына негизделген корутундусун алгандан кийин гана каралышы мүмкүн.

26. Балдардын пикирин, алардын тараптарга болгон мамилесин балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмү текшерүү жүргүзүү учурунда иликтейт.

Эгерде иштин жагдайларына байланыштуу сот баланы анын пикирин аныктоо үчүн сурап алуу керек деп тапса, ал сурак баланын жашын, анын акыл эсин эске алуу менен мугалимдердин катышуусу менен кызыкчылыгы бар тарап ага таасир көрсөтпөгөндөй шартта жүргүзүлөт.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомунун редакциясына ылайык)*

27. Эне-аталык укуктан ажыратуу, балдарды алып коюу жөнүндөгү иштер сотто козголгон убакта өзгөчө учурларда балдардын кызыкчылыгы талап кылса судья ишти кароого даярдоого же сот ишти кароо учурунда чечим чыкканга чейин балдарды жоопкерлерден убактылуу алып коюу жөнүндөгү маселени чечүүсү тийиш.

28. Кыргыз Республикасынын Салык эмес кирешелер боюнча кодексинин 141-беренесинин 16- жана 37-пункттарына ылайык, балдарды тарбиялоого байланышкан иштер боюнча мамлекеттик алым төлөмүнөн прокурор - жеке жана юридикалык жактардын кызыкчылыктарына байланыштуу арыздары үчүн, ошондой эле балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган - өзүнүн милдеттери менен укуктарын жүзөгө ашырууга түздөн-түз тиешелүү арыздары үчүн бошотулат.

29. Соттор балдарды тарбиялоого байланыштуу чечимдерди аткарууга өзгөчө көңүл буруулары керек. Талаштардын өзгөчөлүгүн эске алып соттор ГПКнин 212-беренесине ылайык чечимдерди аткаруунун ыкмасын, тартибин талкуулоого милдеттүү.

Баланы алуу жана бала менен баарлашуу укугун жүзөгө ашыруу боюнча соттун чечимин мажбурлап аткаруу Кыргыз Республикасынын “Сот аткаруучуларынын абалы жана аткаруу өндүрүшү жөнүндө” Мыйзамынын 14-бөлүмүнүн нормаларына ылайык жүргүзүлөт.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомунун редакциясына ылайык)*

30. *(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомуна ылайык күчүн жоготту)*

31. *(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы 35-токтомуна ылайык күчүн жоготту)*

32. Ушул токтомду кабыл алууга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 13.07.79-ж. №3 "Кыргыз ССР сотторунун ата-энелик укуктан ажыратуу жана балдарды алып коюу жөнүндөгү граждандык иштерди кароо практикасы, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 27.02.87-ж. "Республиканын сотторунун үй-бүлөнү чыңдоо, балдарды тарбиялоо жөнүндөгү мыйзамдарды аткаруу практикасы жана СССР Жогорку сотунун жана республиканын Жогорку сотунун Пленумдарынын тиешелүү токтомдорун аткаруусу тууралуу" протоколдук токтому, республиканын Жогорку сотунун Пленумунун 4.10.1990-ж. "Бишкек шаарынын жана Ысык-Көл областынын сотторунун ата-энелик укуктан ажыратуу жана балдарды алып коюу жөнүндөгү мыйзамдардын талаптарын аткарышы жөнүндөгү" токтомдору күчүн жойду деп табылсын.

**Кыргыз Кеспубликасынын**
**Жогорку сотунун төрагасы** **К.Boобеков**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Н.Ибрагимова**